УЛУТТУК БАНК БИЛДИРЕТ

# Теңгенин кескин түрдө төмөндөшү кыргыз сомуна таасир тийгизбейт



**_11-февраль күнү Казакстандын Улуттук банкы казак теңгесин 20 пайызга чейин арзандатып, девальвация жасады. 1 АКШ доллары 185 теңге болуп, 19 пайызга түшүп кетти. Эгер 2014-жылдын башынан бери ала турган болсок, бул жылы теңге 20,1 пайызга түшүп кеткен. Ал эми кыргыз сому теңгеге салыштырмалуу бул убакыттын ичинде 4,2 пайызга гана төмөндөгөн._**

Казакстанда теңгенин бир күндө эле кескин түшүп кетиши Казакстандын жарандарын бир топ кооптондуруп, эми эмне болот деп будуң-чаң түшкөндөр да болду. Казакстандагы мындай абал албетте, кыргызстандыктарды да бир топ ойго салды. Анткени коңшу мамлекет менен экономикалык тыгыз карым-катышта болгон соң азык түлүккө, унга жана башка товарларга болгон баа көтөрүлөбү? Бизде да девальвация болобу? деген суроолор байма-бай бериле баштады. Ошондон улам КР Улуттук Банкынын төрайымынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегин жана Улуттук Банктын акча-кредиттик операциясы башкармалыгынын жетекчиси Раушан Сейткасымова теңгенин девальвация болушу туурасында коомчулукка түшүндүрмө беришти.

Алгач эле элдин кыргыз сому дагы девальвацияланабы деген кооптонуусуна эч кандай негиз жок экендигин, Кыргызстандын акча рыногунун табияты Казакстан менен Орусияныкынан кыйла айырмаланарын, андыктан улуттук валюта-сомдун курсунун түшүп кетүүсү же девальвация болуусу күтүлбөй тургандыгын Улуттук банктын төрайымынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегин билдирди:

-Баарыңыздарга билгилүү болгондой 11- февралда Казакстан улуттук валютасынын коридорун кеңейтти. Кеңейткенде да чоң секирик менен кеңейтти. Мурда 1 АКШ доллары 155 теңге болсо, азыр 185 теңгеге чейин төмөндөп кетти. Ошонун негизинде теңгеин курсуна болгон көп түшүнбөстүктөр келип чыгууда. Казакстандын өзүндө болсо элдер ызы-чууга түшүп, абдан кооптонуп жатат. Казак Улуттук банкы улуттук валютанын коридорунун кеңейүүсүн казак экономикасын колдоо үчүн чыгарылды деп түшүндүрүүдө. Алар учурда жасалган девальвация казак экономикасын түздөп кетүүгө жардам берет деп билдиришүүдө.

Сиздер билгендей былтыркы жылы күзүндө Америка Кошмо штаттарынын Улуттук банкынын (аларда федералдык резервдик система деп аталат) чечими боюнча алардын өзүлөрүнүн сандык акча сунушун көбөйтүү программасын азайтып, башкача айтканда дүйнө жүзүнө ай сайын 10 миллиард долларга азыраак сунуштоодо. Андыктан доллардын жүгүртүүдөгү саны азайганга байланыштуу долларга болгон суроо талап кескин түрдө өскөн. Ошонун натыйжасында былтыркы жылдын күзүндө Австралия доллары 14 пайызга чейин девальвация болгон. Андан кийин башка өлкөлөрдүн валюталары да азазадан девальвацияга тушуккан. Жылдын башында орус валютасынын түшүшү биздин валюта рыногубузга кескин түрдө таасирин тийгизип, олку-солкулар көбөйүп, ошонун натыйжасында интервенция жүргүзгөнбүз.

Негизинен Россия Федерациясы менен Казакстандын валюталык коридору Улуттук банктары тарабынын аныкталат, башкача айтканда алмаштыруу курсун аныктоо жана прогнозду түзүү боюнча алардын Улуттук банктары алдыда жүрөт. Бизде андай коридор жок, анткени Кыргызстанда валюталык режим бөлөк, ал өзгөрүлмө алмашуу режим. Бул валютанын баасын биздин валюта рыногундагы катышуучулар тарабынан аныкталышы керек. Ошондуктан чет өлкө валютанын курсун алдынала билүү мүмкүн эмес. Рынокто валюталар бирде түшүп, бирде көтөрүлүп турат. Эгер кескин түрдө түшүп же көтөрүлүп кетсе гана биздин Улуттук банк кырдаалга кийлигишет. Себеби бизде ири экспортёрлор жок. Бизде эң ири экономиканы түзүүчүлөр ("Кумтөрдү" жана бир-эки ишкананы алып салганда) чакан жана майда бизнесмендер. Бизде кескин түрдө девальвация кылуу өзүн актабайт. Он жылдан бери рыноктун артынан келет жатабыз, ошол режимде кармайбыз. Олку-солку болгондо гана биз кырдаалга аралашабыз.

**-Биз Казакстан менен экономикалык жактан тыгыз байланыштабыз. Андыктан теңгенин түшүшү бизге кандай таасир этиши мүмкүн?**

-Албетте, теңгенин түшүшү биздин экспортёрлорго терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Сатыкка коюлган баалар теңге менен аныктала турган болсо алар конкуренциядан уттурат. Бизге Россиядан, Казакстандан товарлардын бардыгы доллар менен келет. Мисалы, нефть продукциясы, газ, буудай ж.б. баары доллар менен келет. Бул жагынан алып караганда доллар баягы эле калыбында кала берет. Биз импортоёр өлкөбүз, ал эми Россия менен Казакстан экспортёр өлкө. Биз кескин девальвация кыла турган болсок, бизге терс таасирин тийгизет. Андыктан андай кадамдарга барбайбыз. Эң негизгиси экономиканын абалын карап, ошого жараша мамиле кылышыбыз керек. Доллардын көтөрүлүшү экспортёрлорго жакшы таасир тийгизсе, импортоёрлорго терс таасирин тийгизет. Ошондуктан биз дүйнөлүк экономикада баалар кандай болуп жатат, ошого көз салып турушубуз керек. Жеңил өнөр жай өндүрүшүндө матаны Кытайдан жана Кореядан алып келгендиктен, аларга болгон баа көтөрүлүшү мүмкүн. Бирок, баалар Казакстандагыдай, Россиядагыдай болуп көтөрүлбөйт. Баа көтөрүлбөш үчүн биз интервенция кылып жатабыз. Биздин негизги аракетибиз ошол багытта, - деди Улуттук Банктын төрайымынын орун басары.

Казакстанда теңгенин төмөндөшү буга чейин эле күтүлүп жаткан. Анын үстүнө Казакстан Бажы союзунун мүчөсү болгондуктан Россияда жана Белоруссиянын экономикасындагы абал сөзсүз түрдө Казакстандын экономикалык абалына таасир этет. Алардагы девальвациянын эпкини казактарга сөзсүз тиймек. Деген менен Кыргызстандын улуттук банкы 11-февралда жыл башынан бери каржы рыногунда төртүнчү жолу интервенция жасады. Кыргызстан бул жыл башталганы төртүнчү жолу интервенция жасап 27,13 миллион АКШ долларын сатышты. Жалпысын алганда 2014-жылы 62 миллион АКШ доллары сатылды. "Бул жылы кырдаал башкача болду. Валюта рыногунда сырткы басымдар байкалды, тактап айта турган болсок алгач Россиядан, андан кийин Казакстандын улуттук валютасынын төмөндөп кетиши сырткы таасирди алып келүүдө. Андыктан алмаштыруу курстарындагы бир калыпта кармап туруу максатында бул жылы алгач 21-январда 9,9 миллион АКШ доллары, 24-январда - 17,5 миллион АКШ доллары, 5-февралда 7,25 миллион доллар жалпы, 34,65 миллион АКШ доллар сатылган. Ал эми элдин Казакстанда теңгенин төмөндөшүнүн негизинде казактар келип Кыргызстандан доллардын бардыгын сатып алат, деп кооптонуусуна эч негиз жок. Эгер казактар Кыргызстандан көп суммада доллар сатып алууга умтулушса, теңгенин курсу нөлгө түшүп калмак. Акча алмаштыруучу жайлар жана банктар бул кырдаалды жакшы түшүнүшөт. Эгер Кыргызстанга теңгенин агымы көп келсе, биздин рынокко олуттуу таасирин тийгизбейт," - дейт Сүйөркул Абдыбалы тегин.




Албетте, Улуттук банк кооптонууга эч негиз жок дегени менен эл арасында чочулоолор уланууда. Андыктан, Бишкек шаарындагы "Капитал" акча алмаштыруучу жайынын кызматкери Урмат Төлөкеевге байланышканыбызда ал төмөнкүлөрдү билдирди:

- Казак теңгесинин кескин төмөндөп кетиши менен бизге теңгени АКШ долларына алмаштыруучулардын саны да өстү. Бүгүнкү күндө 1 АКШ доллары 190 теңгени түзүүдө. Ал эми 1 теңгени сомго айланта турган болсок 0, 27 тыйын болууда.




**Наргиза КОЗУБАЕВА**
**naki-86@mail.ru**